# Финасылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 29
## *«Гиперинфляциялык экономикадагы финансылык отчеттуулук»* [1]

## Колдонуу чөйрөсү

1 **Бул стандарт колдонуудагы валютасы гиперинфляциялык экономиканын валютасы болуп саналган кандай болбосун ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугун кошо камтыган финансылык отчеттуулукка карата колдонулууга тийиш.**

2 Гиперинфляциялык экономиканын шарттарында ишкананын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын жана финансылык абалын жергиликтүү валютада кайра эсептөөсүз көрсөтүү пайдалуу болбойт. Акчалар сатып алуу жөндөмдүүлүгүн ушунчалык ылдамдык менен жоготкондуктан, бир отчеттук мезгилдин чегинде эле түрдүү убакытта ишке ашырылган операциялардын жана башка окуялардын суммаларын салыштыруу чаташууга алып келет.

3 Бул стандарт гиперинфляция орун алган абсолюттуу маанини белгилебейт. Бул стандартка ылайык финансылык отчеттуулукту кайра эсептөө зарылдыгы жаралган учурду аныктоо ой жүгүртүүнүн предмети болуп саналат. Тийиштүү өлкөнүн экономикалык чөйрөсүнүн мүнөздөмөлөрү гиперинфляциянын белгилери болуп саналат, алар төмөндөгүлөрдү камтыйт, бирок алар менен чектелип калбайт:

(a) калктын негизги бөлүгү өз байлыгын акчалай эмес активдерде же салыштырмалуу стабилдүү чет өлкөлүк валютада кармаганды артык көрөт. Жергиликтүү валютадагы колдо болгон суммалар сатып алуу жөндөмдүүлүгүн сактап калуу үчүн дароо инвестицияланат;

(b) негизги калк акча суммаларын жергиликтүү валютадагы бирдиктерде эмес, салыштырмалуу стабилдүү чет өлкөлүк валютада карайт. Баалар бул валютада белгилениши мүмкүн;

(c) эгерде бул мезгил кыска болсо дагы, андагы кредитке сатуулар жана сатып алуулар, сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн күтүлгөн жоготуусун компенсациялаган баада ишке ашырылат;

(d) пайыздык ставкалар, айлык акы жана баалар баалардын индексине байланган; жана

(e) үч жылда инфляциянын кумулятивдик темпи 100%га жакындайт же 100%дан ашат.

4 Отчеттуулугун гиперинфляциялык экономиканын бирдей валютасында түзгөн бардык ишканалар бул стандартты бир эле ошол күндөн тартып колдонушканы артык. Ошентсе да, бул стандарт гиперинфляциянын болгонун аныктаган отчеттук мезгилдин башталышынан тартып, отчеттуулугун ошол валютада түзгөн кандай болбосун ишканалардын финансылык отчеттуулугунда колдонулат.

## Финансылык отчеттуулукту кайра эсептөө

5 Баалар убакыттын өтүшү менен өзгөчө же жалпы мүнөздөгү түрдүү саясий, экономикалык жана социалдык факторлордун таасири алдында өзгөрөт. Суроо-талаптагы же сунуштагы

[1] 12008-жылдын май айында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* документинин алкагында Кеңеш башка ФОЭСтер менен шайкеш келтирүү үчүн ФОЭС (IAS) 29да пайдаланылган терминдерди төмөндөгүдөй кылып өзгөрттү: (a) «рыноктук нарк» термини «адилет нарк» деп, жана (b) «ишмердүүлүктүн натыйжасы» жана «таза киреше» терминдери «пайда же зыян» деп өзгөртүлдү.

© ФОЭС Фонду

өзгөрүүлөр жана технологиялык өзгөрүүлөр сыяктуу өзгөчө факторлор айрым баалардын өз бетинче олуттуу жогорулашын же төмөндөшүн жаратышы мүмкүн. Мындан тышкары, жалпы мүнөздөгү факторлор баалардын жалпы деңгээлинде өзгөрүүлөргө, демек, акчалардын жалпы сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүшүнө алып келиши мүмкүн.

6 Финансылык отчеттуулугун баштапкы нарктын негизинде түзгөн ишканалар финансылык отчеттуулугун баалардын жалпы деңгээлинде өзгөрүүлөрдү же таанылган активдерге жана милдеттенмелерге карата конкреттүү баалардын өсүшүн эсепке албай түзүшөт. Ишкана талаптарга ылайык же өз тандоосу менен адилет наркы боюнча баалаган активдер менен милдеттенмелер гана буга кошулбайт. Мисалы, негизги каражаттар адилет наркына чейин кайталап бааланышы, ал эми биологиялык активдер адатта адилет наркы боюнча бааланышы мүмкүн. Ошондой болсо дагы, айрым ишканалар финансылык отчеттуулугун конкреттүү баалардын кармалып турган активдерине карата өзгөрүүсүнүн таасирин чагылдырган учурдагы нарк боюнча эсепке алуу методунун негизинде көрсөтүшөт.

7 Гиперинфляциялык экономикадагы финансылык отчеттуулук баштапкы нарк боюнча эсепке алуу методунун негизинде түзүлөбү же учурдагы нарк боюнча эсепке алуу методунун негизинде түзүлөбү, ага карабастан, отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде туюндурулганда гана пайдалуу. Ошондуктан, бул стандарт отчеттуулугун гиперинфляциялык экономиканын валютасында түзгөн ишканалардын финансылык отчеттуулугуна карата колдонулат. Бул стандарт талап кылган маалыматты кайра эсептелбеген финансылык отчеттуулукка толуктоо катары көрсөтүүгө уруксат берилбейт. Ал гана эмес, кайра эсептегенге чейин финансылык отчеттуулукту өзүнчө көрсөтүү сунушталбайт.

**8 Колдонуудагы валютасы гиперинфляциялык экономиканын валютасында болуп саналган ишкананын финансылык отчеттуулугу баштапкы нарк боюнча эсепке алуу методунун негизинде түзүлөбү же учурдагы нарк боюнча эсепке алуу методунун негизинде түзүлөбү, ага карабастан, отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде туюндурулууга тийиш. *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган) талап кылган өткөн мезгилдин салыштырмалуу көрсөткүчтөрү жана алда канча эрте мезгилге тийиштүү кандай болбосун маалыматтар отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде туюндурулууга тийиш. Башка валютада салыштырмалуу маалыматтарды көрсөтүү максатында отчеттуулукту көрсөтүүдө *«Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири»* ФОЭС (IAS) 21дин 42(b) жана 43-пункттары пайдаланылат.**

**9 Таза акчалай позиция боюнча пайда же зыян пайданын же зыяндын курамына кошулууга жана өзүнчө ачып көрсөтүлүүгө тийиш.**

10 Бул стандартка ылайык финансылык отчеттуулукту кайра эсептөө белгилүү бир жол-жоболорду пайдаланууну жана ой жүгүртүүнү талап кылат. Бул жол-жоболорду жана ой жүгүртүүлөрдү мезгилден мезгилге ырааттуу колдонуу кайра эсептелген финансылык отчеттуулукка кошулган суммалардын абсолюттуу тактыгына караганда кыйла маанилүү болуп саналат.

## Баштапкы нарктын негизиндеги финансылык отчеттуулук

### Финансылык абал жөнүндө отчет

© ФОЭС Фонду

11 Отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде туюндурулбаган финансылык абал жөнүндө отчеттун көрсөткүчтөрү баалардын жалпы индексин колдонуу менен кайра эсептелет.

12 Акча беренелери кайра эсептелбейт, анткени алар отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде туюндурулган. Акча беренелери – кармап турган акча каражаттары, ошондой эле акча формасында алынууга же төлөнүүгө тийиш болгон беренелер.

13 Келишимдин шарттары боюнча баалардын өзгөрүшүнө байланган индексацияланчу облигациялар менен зайымдар сыяктуу активдер менен милдеттенмелер отчеттук мезгилдин акырына карата төлөнбөй калган сумманы тактоо үчүн келишимге ылайык оңдоп-түзөө жүргүзүлөт. Бул беренелер кайра эсептелген финансылык абал жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн оңдоп-түзөлгөн суммада эске алынат.

14 Калган бардык активдер менен милдеттенмелер акчалай эмес болуп саналат. Айрым акчалай эмес беренелер сатуунун мүмкүн болгон таза баасы жана адилет нарк сыяктуу отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган суммаларда эске алынат, ошондуктан алар кайра эсептелбейт. Калган бардык акчалай эмес активдер менен милдеттенмелер кайра эсептелет.

15 Акчалай эмес беренелердин көпчүлүгү баштапкы наркы боюнча же амортизация алып салынган баштапкы наркы боюнча эсепке алынат, башкача айтканда, сатылып алынган күнгө учурдагы сумма менен туюндурулат. Кайра эсептелген нарк же амортизация алып салынган нарк ар бир берене үчүн анын баштапкы наркын жана топтолгон амортизацияны сатып алган күндөн отчеттук мезгил аяктаганга чейинки күнгө баалардын жалпы индексинин өзгөрүшүнө карата оңдоп-түзөө жолу менен аныкталат. Мисалы, негизги каражаттардын, чийки заттын жана товарлардын запастарынын, гудвиллдин, патенттин, товардык белгилердин жана ошол өңдүү активдердин наркы аларды сатып алган күндөн тартып кайра эсептелет. Бүткөрүлбөгөн өндүрүштүн жана даяр продукциянын запасынын наркы сатып алууга жана кайра иштетүүгө тийиштүү чыгымдар жумшалган күндөн тартып кайра эсептелет.

16 Негизги каражаттардын обьекттерин сатып алуу күнү тууралуу кең-кесири жазуулардын кол жеткистиги же аларды баалоонун мүмкүн эместиги. Мындай сейрек жагдайларда, бул стандарт колдонулган биринчи отчеттук мезгилде аларды кайра эсептөөнүн негизи катары беренелердин наркын көз карандысыз кесипкөй баалоону пайдалануунун зарылчылыгы келип чыгышы мүмкүн.

17 Бул стандарт негизги каражаттардын наркын кайра эсептөөнү талап кылган отчеттук мезгилдер үчүн баалардын жалпы индекси жок болушу мүмкүн. Мындай жагдайларда, мисалы, колдонуудагы валюта менен салыштырмалуу стабилдүү чет өлкөлүк валютанын ортосунда алмаштыруу курсунун өзгөрүшүнө негизденген эсептик баалоону пайдалануу зарылчылыгы келип чыгышы мүмкүн.

18 Айрым акчалай эмес беренелер сатып алуу күнүнөн же финансылык абал жөнүндө отчеттун күнүнөн айырмаланган күнгө карата учурдагы нарк боюнча эсепке алынат, мисалы, алда канча эрте күндөгү абалы боюнча кайталап бааланган негизги каражаттар. Мындай учурларда баланстык нарк кайталап бааланган күндөн тартып кайра эсептелет.

19 Акчалай эмес беренелердин кайра эсептелген наркы, эгерде ал орду толтурулуучу нарктан жогору болсо, колдонулуучу ФОЭСтердин талаптарына ылайык төмөндөйт. Мисалы,

негизги каражаттардын, гудвилдин, патенттин, товардык белгилердин кайра эсептелген наркы орду толтурулуучу наркка чейин, ал эми запастардын кайра эсептелген наркы сатуунун мүмкүн болгон таза баасына чейин төмөндөйт.

20 Үлүштүк катышуу методу боюнча эсепке алынган инвестициялык обьект отчеттуулугун гиперинфляциялык экономиканын валютасында түзө алат. Аталган инвестициялык объекттин финансылык абалы жөнүндө отчет жана жыйынды кирешеси тууралуу отчет бул стандартка ылайык, бул инвестиция объектинин таза активдеринде жана пайдада же зыянда инвестордун үлүшүн эсептеп чыгуу үчүн кайра эсептелет. Эгерде инвестиция объектинин кайра эсептелген финансылык отчеттуулугу чет өлкөлүк валютада туюндурулса, отчеттук күнгө карата курс боюнча которулат.

21 Инфляциянын таасири адатта зайымдар боюнча чыгымдардын курамында таанылат. Зайымдык каражаттардын эсебинен каржыланган капиталдык чыгымдардын өлчөмүн кайра эсептөөгө жана зайымдар боюнча чыгымдарды ошол эле мезгилдин аралыгында инфляциянын таасирин компенсациялоочу бөлүгүндө капиталдаштырууга жол берилбейт. Зайымдар боюнча чыгымдардын аталган бөлүгү тийиштүү чыгымдардын пайда болуу мезгилиндеги чыгашалар катары таанылат.

22 Ишкана пайыздарды ыктыярдуу чегерүүсүз төлөмдүн мөөнөтүн кийинкиге жылдырууга уруксат берген келишим боюнча активдерди сатып ала алат. Эгерде пайыздардын милдеттендирилген суммасын эсептөө практикада мүмкүн эмес болсо, мындай активдер сатып алуу күнүнөн эмес, төлөө күнүнөн тартып эсептелет.

23 [Алып салынган]

24 Бул стандартты колдонуунун алгачкы мезгилинин башталышына карата өздүк капиталдын компоненттери, бөлүштүрүлбөгөн пайданы жана кайталап баалоодон нарктын кошумча өсүшүн кошпогондо, өздүк капиталга салымдын же компоненттердин башкача пайда болуу күнүнөн тартып, баалардын жалпы индексин пайдалануу менен эсептелет. Мурдагы мезгилдерде келип чыккан кайталап баалоодон улам нарктын өсүшү элиминацияланат. Бөлүштүрүлбөгөн пайданын кайра эсептелген суммасы финансылык абал жөнүндө кайра эсептелген отчеттун калган бардык суммаларынан алынат.

25 Алгачкы мезгилдин акырына карата жана андан кийинки мезгилдеги өздүк капиталдын бардык компоненттери көрсөтүлгөн мезгилдин башталышынан же, эгерде бул күн кийин болсо, өздүк капиталга салымдардын күнүнөн тартып, баалардын жалпы индексин пайдалануу менен эсептелет. Мезгил ичиндеги өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр ФОЭС (IAS) 1ге ылайык ачып көрсөтүлүүгө тийиш.

**Жыйынды киреше жөнүндө отчет**

26 Бул стандарт жыйынды киреше жөнүндө отчеттун бардык беренелери отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде туюндурулушун талап кылат. Демек, бардык суммаларды финансылык отчеттуулукта кирешелердин жана чыгашалардын беренелерин баштапкы таануу күнүнөн тартып, баалардын жалпы индексиндеги өзгөрүүлөргө карата оңдоп-түзөө зарыл.

**Таза акчалай позиция боюнча пайда же зыян**

27 Инфляция мезгилинде акчалай активдери акчалай милдеттенмелеринен көп болгон ишкана сатып алуу жөндөмдүүлүгүн жоготот, ал эми акчалай милдеттенмелери акчалай активдеринен көп болсо, көрсөтүлгөн активдери менен милдеттенмелери баалардын

© ФОЭС Фонду

деңгээлине байланбаган бөлүгүндө сатып алуу жөндөмдүүлүгүн арттырат. Бул таза акчалай позиция боюнча пайда же зыян акчалай эмес активдерди, өздүк капиталды жана жыйынды киреше жөнүндө отчеттун беренелерин жана баалардын индексине байланган активдер жана милдеттенмелер боюнча оңдоп-түзөөнү кайра эсептөөнүн натыйжасында алынган айырма катары чыгарылышы мүмкүн. Пайданын же зыяндын көлөмү баалардын жалпы индексиндеги өзгөрүүлөрдү акчалай активдер менен акчалай милдеттенмелердин ортосундагы орточо алынган мезгилдеги айырмага карата пайдалануу жолу менен бааланышы мүмкүн.

28 Таза акчалай позиция боюнча пайда же зыян пайданын же зыяндын курамына кошулат. Келишимге ылайык баалардагы өзгөрүүлөргө байланган активдер менен милдеттенмелерди 13-пунктка ылайык жасалган оңдоп-түзөө таза акчалай позиция боюнча пайдага же зыянга каршы чегерилет. Пайыздык кирешелер жана чыгашалар сыяктуу кирешелердин же чыгашалардын башка беренелери жана инвестицияланган же зайым каражаттарына тиешелүү курстук айырмалар да таза акчалай позиция менен байланышкан. Мындай беренелер өзүнчө ачып көрсөтүлгөнүнө карабастан, аларды жыйынды киреше жөнүндө отчетто таза акчалай позиция боюнча пайда же зыян менен кошо көрсөтүү пайдалуу болушу мүмкүн.

## Учурдагы нарктын негизиндеги финансылык отчеттуулук

### Финансылык абал жөнүндө отчет

29 Учурдагы нарк боюнча чагылдырылган беренелер кайра эсептелбейт, анткени алар отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде көрсөтүлгөн. Финансылык абал жөнүндө отчеттун башка беренелери 11 – 25-пункттарга ылайык кайра эсептелет.

### Жыйынды киреше жөнүндө отчет

30 Учурдагы нарктын негизинде түзүлгөн жыйынды киреше жөнүндө отчет кайра эсептелгенге чейин, адатта, тийиштүү операциялар жасалган же окуялар пайда болгон кырдаалда учурдагы чыгымдарды чагылдырат. Сатуулардын өздүк наркы жана амортизация керектелген кырдаалда учурдагы нарк боюнча эсепке алынат, түшкөн киреше жана башка чыгашалар пайда болгон кырдаалда өзүнүн акча наркы боюнча эсепке алынат. Демек, отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде туюндуруу үчүн баалардын жалпы индексин колдонуу менен бардык суммаларды кайра эсептеп чыгуу зарыл.

### Таза акчалай позиция боюнча пайда же зыян

31 Таза акчалай позиция боюнча пайда же зыян 27 же 28-пункттарга ылайык эсепке алынат.

## Салыктар

32 Финансылык отчеттуулукту бул стандартка ылайык кайра эсептөө айрым активдердин баланстык наркы менен финансылык абал жөнүндө отчеттун милдеттенмелери жана алардын салык базасынын ортосунда айырмалар чыгышына алып келиши мүмкүн. Бул айырмалар *«Пайда салыгы»* ФОЭС (IAS) 12ге ылайык эсепке алынат.

### Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет

© ФОЭС Фонду

33 Бул стандарт акча каражаттарынын кыймылы тууралуу отчеттун бардык беренелери отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде көрсөтүлүшүн талап кылат.

### Салыштырылуучу көрсөткүчтөр

34 Мурдагы отчеттук мезгилдеги салыштырылуучу көрсөткүчтөр баштапкы нарк боюнча эсепке алуу методунун негизинде түзүлөбү же учурдагы нарк боюнча эсепке алуу методунун негизинде түзүлөбү, ага карабастан, салыштырмалуу финансылык отчеттуулук отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде көрсөтүлүшү үчүн баалардын жалпы индексин колдонуу менен кайра эсептелет. Алда канча эрте мезгилдерге карата маалыматтар дагы отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде көрсөтүлүүгө тийиш. Салыштырмалуу маалыматтарды башка валютада көрсөтүү максатында ФОЭС (IAS) 21дин 42(b) жана 43-пункттары колдонулат.

### Бириктирилген финансылык отчеттуулук

35 Отчеттуулугун гиперинфляциялык экономиканын валютасында түзгөн башкы ишкана туунду ишканаларга ээ болушу мүмкүн, алар дагы отчеттуулугун гиперинфляциялык экономиканын валютасында түзөт. Мындай туунду ишканалардын финансылык отчеттуулугу бул ишкана отчеттуулугун түзгөн валютада, бул финансылык отчеттуулукту башкы ишкана чыгарган бириктирилген финансылык отчеттуулукка кошконго чейин өлкөдөгү баалардын жалпы индексин колдонуу менен кайра эсептелүүгө тийиш. Эгерде мындай туунду ишкана чет өлкөлүк туунду ишкана болуп саналса, анын кайра эсептелген финансылык отчеттуулугу тийиштүү отчеттук күндөргө ылайык келген курс боюнча которулат. Отчеттуулугун гиперинфляциялык экономиканын бул же тигил валютасында түзбөгөн туунду ишканалардын финансылык отчеттуулугуна карата ФОЭС (IAS) 21 колдонулат.

36 Финансылык отчеттуулукту отчеттук мезгилдердин аяктоо күнүнө дал келбеген күндөр менен бириктирүүдө бардык – акчалай эмес, ошондой эле акча беренелери бириктирилген финансылык отчеттуулуктун өлчөө бирдигинин учурдагы күнүнө карата кайра эсептелүүгө тийиш.

### Баалардын жалпы индексин тандоо жана пайдалануу

37 Финансылык отчеттуулукту бул стандартка ылайык кайра эсептөө жалпы сатып алуу жөндөмдүүлүгүндөгү өзгөрүүлөрдү чагылдырган баалардын жалпы индексин пайдаланууну талап кылат. Отчеттуулугун бир эле экономикадагы валютада түзгөн бардык ишканалар бир эле индексти пайдалануусу ылайыктуу.

## Гиперинфляциялык болуудан калган экономика

**38 Эгерде экономика гиперинфляциялык болуудан калып, ишкана бул стандартка ылайык финансылык отчеттуулугун түзгөнүн жана бергенин токтотсо, ал кийинки финансылык отчеттуулукта баланстык нарктын негизи катары отчеттук мезгилдин акырында учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде көрсөтүлгөн суммаларды пайдаланууга тийиш.**

### Маалыматты ачып көрсөтүү

**39 Төмөндөгүлөр ачып көрсөтүлүүгө тийиш:**

© ФОЭС Фонду

(a) **финансылык отчеттуулук жана мурдагы мезгилдердин тиешелүү көрсөткүчтөрү колдонуудагы валютанын жалпы сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүүсүн эсепке алуу менен кайра эсептелген, демек, отчеттук мезгилдин акырына карата учурдагы болуп саналган өлчөө бирдигинде көрсөтүлгөн факт;**

(b) **финансылык отчеттуулук баштапкы нарк боюнча же учурдагы нарк боюнча эсепке алуу методуна негизденгени тууралуу маалымат; жана**

(c) **отчеттук мезгилдин акырына аталыштар жана баалардын индексинин деңгээли, ошондой эле бул индекстин учурдагы жана мурдагы отчеттук мезгилдерде өзгөрүшү.**

40 Бул стандарт талап кылган маалыматтарды ачып көрсөтүү финансылык отчеттуулукта инфляциянын таасирин чагылдырган ыкманы түшүндүрүү үчүн зарыл. Бул ачып көрсөтүүлөр ошондой эле көрсөтүлгөн ыкманы жана жыйынтыгында алынган суммаларды түшүнүү үчүн керектүү болгон башка маалыматтарды көрсөтүүгө арналган.

## Күчүнө кирүү күнү

41 Бул стандарт финансылык отчеттуулук жагынан 1990-жылдын 1-январынан же көрсөтүлгөн күндөн кийин башталуучу мезгилдер үчүн күчүнө кирет.

© ФОЭС Фонду